# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ

# ТОКТОМ

2010-жылдын 8-декабры № 319

## Кыргыз Республикасынын мыйзамдан келип чыгуучу актыларын укуктук, укук коргоо, гендердик, экологиялык, антикоррупциялык экспертизадан өткөрүү тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу

Мыйзамдан келип чыгуучу актыларды иштеп чыгуунун сапатын жогорулатуу максатында, "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Тиркелген: Кыргыз Республикасынын мыйзамдан келип чыгуучу актыларын укуктук, укук коргоо, гендердик, экологиялык, антикоррупциялык экспертизадан өткөрүү тартиби жөнүндө нускама бекитилсин.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

| | |
|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Президенти** | **Р.Отунбаева** |

Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнүн
2010-жылдын
8-декабрындагы
№ 319 токтому менен
бекитилген

## Кыргыз Республикасынын мыйзамдан келип чыгуучу актыларын укуктук, укук коргоо, гендердик, экологиялык, антикоррупциялык экспертизадан өткөрүү тартиби жөнүндө
## НУСКАМА

*(КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 20-февралындагы № 96 токтомунун редакциясына ылайык)*

1. Жалпы жоболор

2. Терминдердин түшүнүктүк аппараты

3. Экспертиза жүргүзүү үчүн тапшырылчу документтер

4. Корутунду даярдоо

5. Укуктук, укук коргоо, гендердик, экологиялык, антикоррупциялык экспертизадан өткөрүүнүн өзгөчөлүктөрү Тиркеме. Кыргыз Республикасынын мыйзамдан келип чыгуучу актыларын экспертизалоонун адистештирилген (антикоррупциялык, гендердик укуктук, укук коргоочулук, экологиялык) түрлөрүн жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча корутунду

## 1. Жалпы жоболор

1. Бул нускама мыйзамдан келип чыгуучу актыларды укуктук, укук коргоо, гендердик, экологиялык, антикоррупциялык экспертизадан өткөрүү тартибин белгилейт.

2. Экспертизанын максаты болуп мыйзамдан келип чыгуучу актылардын сапатын жогорулатуу жана аларды укук колдонуу практикасында натыйжалуу пайдаланууга жетишүү эсептелет.

3. Экспертизанын милдеттери:

- долбоордун сапатына жана негиздүүлүгүнө баа берүү;

- долбоордун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон жана мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге, ошондой эле эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерине жана нормаларына ылайык келишине баа берүү;

- долбоордун мыйзамдан келип чыгуучу акт катарында кабыл алынышынын социалдык, экономикалык, экологиялык жана башка натыйжаларын аныктоо жана баа берүү аркылуу анын таасиринин натыйжалуулугун аныктоо;

- долбоордо норманы иштеп чыгуунун талаптары аткарылышына баа берүү.

4. Мыйзамдан келип чыгуучу актылардын долбоорлоруна экспертизанын адистештирилген түрлөрүн жүргүзүү төмөнкү принциптерге негизделет:

- мыйзамдуулук;

- компетенттүүлүк;

- илимий негиздүүлүк;

- корутундунун объективдүүлүгү;

- көз карандысыздык;

- ачык-айкындык;

- "кызыкчылыктардын кагылышуусуна" жол бербөө.

5. Мыйзамдан келип чыгуучу акт - Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары тарабынан андан жогору юридикалык күчкө ээ ченемдик укуктук актылардын негизинде жана аларды аткаруу үчүн чыгарылган ченемдик укуктук акт.

6. Өзүнөн жогору юридикалык күчкө ээ ченемдик укуктук актыны аткаруу үчүн кабыл алынган мыйзамдан келип чыгуучу акт жогору күчкө ээ ченемдик укуктук актылардын жоболоруна каршы келбөөгө жана/же аларды кайталабоого тийиш.

7. Мыйзамдан келип чыгуучу актылардын долбоорлоруна экспертизанын адистештирилген түрлөрүн жүргүзүү үчүн эксперттер катары долбоорду даярдоого катышпаган адамдар тартылууга тийиш.

## 2. Терминдердин түшүнүктүк аппараты

8. Бул Нускамада колдонулган терминдер төмөнкүдөй мааниlерге ээ:

1) антикоррупциялык экспертиза - эксперттердин мыйзамдан келип чыгуучу алдындагы актынын долбоорунда коррупциогендик факторлорду аныктоого, алардын коррупциогендүүлүк даражасын баалоого жана аларды жоюуга же чектөөгө багытталган рекомендацияларды иштеп чыгууга багытталган иши;

2) гендердик экспертиза - эксперттин мыйзамдан келип чыгуучу актынын долбоорунун жоболорун алардын коомдо жарыяланган гендердик теңчилик принциптерине, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон жана мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген гендердик теңчилик чөйрөсүндөгү эл аралык келишимдердин нормаларына ылайык келиши жагында иликтөөгө багытталган иши;

3) гендердик теңчилик - ар кыл жыныстагы адамдардын укуктарынын, милдеттеринин жана жоопкерчилигинин теңчилиги, берилген укуктарды жана эркиндиктерди ишке ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөр, ар кыл жыныстагы адамдардын ортосундагы тең өнөктүк мамилелер;

4) дискрециялык ыйгарым укуктар - мамлекеттик органга же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына (кызмат адамына) ал өзү ылайык көргөндөй колдоно алуучу ыйгарым укуктарды берүү;

5) жынысы боюнча басмырлоо - белгилүү жыныстагы адамдардын саясий, экономикалык, социалдык, маданий, жарандык же ар кандай башка тармактагы укуктарын жана эркиндиктерин жынысы боюнча начарлатууга же аларды таанууну, пайдаланууну же ишке ашырууну жокко чыгарууга багытталган ар кандай бөлүп-жаруу, жокко чыгаруу же чектөө;

6) коллизия - бир эле коомдук мамилелерди жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылардын ортосундагы карама-каршылыктар (төп келишпестиктер);

7) коррупциогендүүлүк - долбоордун жоболорунда коррупциогендик факторлордун болушу;

8) коррупциогендүү фактор - долбоордун жоболорунда бекитилген, аларды ишке ашыруу процессинде коррупциялык укук бузууларды жасоого өбөлгө түзүүчү шарттар, мүмкүнчүлүктөр;

9) лимит - жаратылыш ресурстарын алуунун, керектөөнүн, айлана-чөйрөгө зыяндуу заттарды чыгаруунун, төгүүнүн сандык чеги;

10) норма чыгаруу техникасы - нормативдик укуктук актылардын долбоорлорун даярдоо жана тариздөө эрежелеринин, ыкмаларынын, жолдорунун системасы;

11) шилтеме жобо - кайсы эрежени аткаруу зарылдыгын жалпы формада атаган норма, ал эми ошол эрежелердин конкреттүү мазмуну башка ченемдик укуктук актыларда берилет;

12) өзгөчө корголуучу жаратылыштык аймактар/объекттер - коргоонун жана пайдалануунун өзгөчө режими белгиленген жаратылыш комплекстери же өзүнчө жаратылыш объекттери кирген жер, суу (акватория) участоктору;

13) уруксат берүү ыйгарым укуктары - айрым иш менен (мисалы, күбөлүктөр, лицензиялар, аккредитациялар, сертификаттар) же айрым предметтерди (мисалы, куралды) пайдаланууга атайын укукту ырастаган документтерди берүүгө байланышкан иш-аракет; мамлекеттик мүлктү менчиктештирүүгө же ижарага берүүгө, ошондой эле бюджеттик каражаттарды бөлүштүрүүгө (мисалы, мамлекеттик сатып алуулар) байланышкан ыйгарым укуктар;

14) бирдей жоопкерчилик - адамдын кайсы жыныста экендигине карабастан мамлекет тарабынан көрсөтүлгөн тиешелүү милдеттерди аткарууга жана аларды аткарбаганы үчүн мыйзам алдында бирдей - жоопкерчилик тартууга жөндөмдүүлүгү;

15) бирдей укуктар - эркек жана ургаачы жыныстагы адамдардын бирдей укуктук статусу;

16) бирдей мүмкүнчүлүктөр - эркек жана ургаачы жыныстагы адамдардын мыйзамдарда каралган укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашыруу үчүн бирдей шарттарды түзүүгө багытталган укуктук, уюштуруучу, экономикалык жана башка чаралардын системасы;

17) тең өнөктөштүк мамилелер - эркек жана ургаачы жыныстагы адамдардын бири-бирине карата биргелешкен иш-аракеттери, мамлекеттик жана коомдук иштерге бирдей шарттарда бирге катышуусу;

18) каттоо ыйгарым укуктары - укук субъекттеринин (мисалы, салык төлөөчүлөрдүн, лицензиаттардын) укуктук статусу белгиленгендик, өзгөргөндүк же токтотулгандык фактыларын, ошондой эле жарандык укуктук бүтүмдөрдү жана укук объекттерин (мисалы, кыймылсыз мүлктү, автомобилдерди) күбөлөндүрүүгө байланышкан иш-аракеттер;

19) экологиялык коопсуздук - адамдын жана коомдун жашашынын шарты жана каражаты катары адамдын, коомдун турмуштук маанилүү кызыкчылыктары антропогендик жана табигый таасирлердин натыйжасында болуучу коркунучтардан корголушунун, айлана-чөйрөнүн корголушунун абалы;

20) экологиялык системалар (экосистемалар) - айлана-чөйрөнүн туруктуу өз ара байланышкан, өз алдынча өнүгүүчү, өз алдынча жөнгө салынуучу, өзү калыбына келе турган, зат жана энергия алмашуу процессин жүргүзүүчү табигый компоненттеринин жыйындысы, жашоону жаңылап өндүрүү жана экосистемалык кызмат көрсөтүүлөрдү түзүү үчүн зарыл чөйрөнү жаңылап өндүрүү жана кармоо үчүн табигый мүмкүн болгон механизмдер;

21) экологиялык тобокел - табигый объекттердин жана факторлордун ар кандай (атайылап же кокустуктан, акырындап же катастрофалык) антропогендик

өзгөрүүлөрүнүн айлана-чөйрөгө жана калктын саламаттыгына жагымсыз натыйжаларынын мүмкүндүгү;

22) экологиялык экспертиза - ишке ашырылышы айлана-чөйрөнүн жана жаратылыш ресурстарынын абалына түз же кыйыр таасирин тийгизе турган чечимдердин экологиялык опурталынын жана коркунучунун деңгээлин аныктоо;

23) юрисдикциялык ыйгарым укуктар - администрациялык-укуктук жоопкерчилик чараларын колдонууга (мисалы, администрациялык айыптарды салууга) байланышкан иш-аракет.

3. Экспертиза жүргүзүү үчүн тапшырылчу документтер

9. Экспертиза жүргүзүү үчүн төмөнкүдөй документтер тапшырылууга тийиш:

а) мыйзамдан келип чыгуучу актынын долбоору;

б) салыштырма таблица (колдонуудагы ченемдик укуктук актыга өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор киргизилген же жаңы редакциясы даярдалган учурда);

в) долбоорго маалымкат-негиздеме.

10. Мыйзамдан келип чыгуучу актынын долбооруна маалымкат-негиздемеде төмөнкүлөр чагылдырылат:

- долбоордун предметинин жана максаттарынын мүнөздөмөсү;

- долбоор жөнгө салууга багытталган тармакта колдонулган ченемдик укуктук актыларга талдоо;

- жоюуга же өркүндөтүүгө тийиш болгон жоболордун таасири жетишерлик натыйжалуу болбогондук себептерине жана шарттарына талдоо;

- ченемдик укуктук актыларды күчүн жоготту деп табууга берүүнүн зарылдыгына талдоо;

- мыйзамда аныкталган учурларда, долбоорду коомдук талкуулоонун жыйынтыгы жөнүндө жалпылоочу маалымат;

- финансылык-экономикалык баа берүү.

4. Корутунду даярдоо

11. Экспертизалардын тиешелүү түрлөрүн жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча экспертизанын тиешелүү түрүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ушул Нускамага № 1 тиркеме менен аныкталган Типтүү формага ылайык таризделчү корутунду түзүлөт.

12. Корутунду төмөнкү бөлүктөрдөн турат:

а) кабыл алынган учурда долбоордун коомдук мамилелерге таасиринин мүнөзүн чагылдыруучу жалпы бөлүк;

б) Конституциянын жана жогорку юридикалык күчкө ээ башка ченемдик укуктук актылардын нормаларына, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган жана мыйзамда көрсөтүлгөн тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге, ошондой эле эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптерине жана

нормаларына долбоордун жоболорунун ылайык келишине баа берүү чагылдырылган атайын бөлүк;

в) эксперттин эскертмелери, сунуштары жана тыянактары, ошондой эле эксперимент жүргүзүүнүн жүрүшүндө аныкталган кемчиликтерди жоюуга багытталган рекомендациялар камтылган корутунду бөлүк.

13. Корутундуга экспертизаны жүргүзгөн эксперттер кол коюшат.

5. Укуктук, укук коргоо, гендердик, экологиялык, антикоррупциялык экспертизадан өткөрүүнүн өзгөчөлүктөрү

14. Укуктук экспертиза

Укуктук экспертиза жүргүзүүнүн максаты болуп долбоордун максаттарынын, милдеттеринин, укуктук жөнгө салуу предметинин мыйзамдарга жана норма чыгаруу техникасынын талаптарына ылайык келишине укуктук баа берүү саналат.

Укуктук экспертиза Кыргыз Республикасынын Конституциясына, "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Регламентине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мыйзам долбоорлоо иштеринин регламентине, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон жана мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин нормаларына ылайык жүргүзүлөт.

Укуктук экспертиза төмөнкү этаптардан турат:

- даярдык көрүү этабы;
- жалпы укуктук талдоо;
- норма чыгаруу техникасынын эрежелерине ылайык келүүсүн талдоо;
- эксперттик корутундуну даярдоо жана тариздөө.

Даярдык көрүү этабы төмөнкүлөрдөн турат:

- долбоордун жөнгө салуучу предметин аныктоо;
- тийиштүү коомдук мамилелерди укуктук жөнгө салуу зарылдыгын аныктоо;
- долбоор чечүүгө багытталган проблемаларды аныктоо;
- долбоордун укуктук системадагы ордун аныктоо;
- долбоорду коомдук талкуулоо боюнча талаптардын аткарылышын (коомдук талкуууга катышкандардан долбоорду иштеп чыгуучуларга түшкөн сунуштарды кабыл алуунун, кароонун жана жалпылоонун жыйынтыктарын) иликтөө.

Жалпы укуктук талдоо төмөнкүлөрдөн турат:

- долбоордун жоболорунун Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамдарга ылайык келишине баа берүү;
- долбоордун жоболорунун Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон жана мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин нормаларына жана эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерине жана нормаларына ылайык келишине баа берүү;

- долбоордун улуттук жана эл аралык мыйзамдарды шайкеш келтирүүгө (бирдей түргө келтирүүгө), ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон жана мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерден келип чыккан максаттарды ишке ашырууга тоскоол болгон жоболорун аныктоо;

- Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон жана мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин нормаларынан келип чыккан эл аралык милдеттенмелердин аткарылышын камсыздоочу жоболорду аныктоо;

- долбоордун кабыл алынышы боюнча мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдарынын компетенттүүлүгүнө баа берүү;

- мыйзамдан келип чыгуучу актылардын сапатын жогорулатуу жана аларды укук колдонуу практикасында натыйжалуу пайдаланууга жетишүү максатында долбоордун пайдаланылбай калган мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо.

Мыйзам чыгаруу техникасынын эрежелерине ылайык келишин талдоо төмөнкүлөрдөн турат:

- ченемдик укуктук актынын тандалган түрүнүн негиздүүлүгүн аныктоо;

- мыйзамдан келип чыгуучу актынын долбооруна тиркелген документтердин зарыл пакетин даярдоо боюнча талаптардын аткарылышын иликтөө;

- мыйзамдан келип чыгуучу актынын долбоорунун тилине тиешелүү талаптардын, укуктук нормаларды баяндоонун эрежелери жана ыкмалары аткарылышын талдоо;

- долбоордун "иштебечү", "декларациялык" жоболорун, ошондой эле бири-бирине каршы келген жоболорун аныктоо;

- шилтеме жоболорун алардын негиздүүлүгү жана зарылдыгы жаатында талдоо;

- текстке терминдердин жарандарга түшүнүктүүлүгү жагында баа берүү.

Эксперттик корутундуну даярдоо жана тариздөө.

15. Укук коргоо экспертизасы

Укук коргоо экспертизасынын максаты мыйзамдан келип чыгуучу актынын долбоору адам укуктарын коргоонун белгиленген стандарттарына ылайык келишине баа берүүнү көздөйт.

Укук коргоо экспертизасы Кыргыз Республикасынын Конституциясына, башка ченемдик укуктук актыларга ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон жана мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин нормаларына ылайык жүргүзүлөт.

Долбоорлорго укук коргоо экспертизасы төмөнкү этаптардан турат:

- даярдык көрүү этабы;

- укук коргоого талдоо;

- адистештирилген-укуктук талдоо;

- эксперттик корутундуну даярдоо жана тариздөө.

Даярдык көрүү этабы төмөнкүлөрдөн турат:

- долбоор жөнгө салуучу предметти аныктоо;

- долбоордун адамдын жарандык, саясий, социалдык, экономикалык жана маданий укуктарына түздөн-түз жана кыйыр тиешелүү жоболорун аныктоо;

- долбоор чечүүгө багытталган проблемаларды жана ал маселени укуктук жөнгө салуунун зарылдыгын аныктоо;

- коомдук талкуудан өткөрүлгөн учурда анын жыйынтыгы (коомдук талкууга катышкандардан келип түшкөн сунуштарды кабыл алуунун, кароонун жана жалпылоонун жыйынтыгы) жөнүндө маалыматка баа берүү.

Укук коргоо талдоосу төмөнкүлөрдөн турат:

- адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо тармагында ченемдик жөнгө салуунун абалын талдоо;

- долбоордун адам укуктарын коргоо тармагындагы коомдук мамилелерге мүмкүн болуучу (позитивдүү же негативдүү) таасирине баа берүү;

- долбоорго адам укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашыруунун натыйжалуу механизмдери бар экендиги жагында баа берүү;

- долбоорго адам укуктарынын сакталышы жагында баа берүү;

- долбоордун маалымкат-негиздемесинде көрсөтүлгөн маалыматтарды талдоо;

- мыйзамдан келип чыгуучу акт күчүнө киришинин натыйжасында жетишүү же чечилиши болжолдонгон максаттарга жана милдеттерге баа берүү;

- долбоордун аялуу социалдык топтордун укуктарына тийгизе турган таасирине баа берүү (долбоордун жоболору аялуу социалдык топтордун укуктарын кеңейтет же чектейт);

- иштелип чыга турган мыйзамдан келип чыгуучу актылардын сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатуу максатында долбоордун пайдаланылбай калган мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо;

- адам укуктарын жана эркиндиктерин жөнгө салуучу айрым жоболорду киргизүү, кеңейтүү, конкреттештирүү зарылдыгын аныктоо.

Адистештирилген-укуктук талдоо төмөнкүлөрдөн турат:

- долбоордун жоболорунун Кыргыз Республикасынын Конституциясына, адам укугун жана эркиндигин коргоо жагындагы мыйзамдарга төп келишине баа берүү;

- долбоор тиешелүү болгон тармактагы нормативдик жөнгө салуунун абалына баа берүү;

- тиешелүү тармактагы мыйзамдардын системасында долбоордун потенциалдуу ордун аныктоо;

- шилтеме жоболорду алардын болушу жана зарылдыгы жаатында талдоо;

- долбоордун жоболорунун Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон жана мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо тармагындагы эл аралык келишимдердин нормаларына ылайык келишине баа берүү.

Эксперттик корутундуну даярдоо жана тариздөө.

16. Гендердик экспертиза

Гендердик экспертизанын максаты болуп мыйзамдан келип чыгуучу актынын долбоорунун жоболорунун эркектер менен аялдардын ортосунда укуктардын, милдеттердин, жоопкерчиликтин, мүмкүнчүлүктөрдүн, тең өнөктөштүк мамилелердин жана натыйжалардын теңчилиги сакталышына ылайыктыгына баа берүү.

Гендердик экспертиза Кыргыз Республикасынын Конституциясына, "Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, башка ченемдик укуктук актыларга, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон жана мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген гендердик теңчилик тармагындагы эл аралык келишимдердин талаптарына ылайык жүргүзүлөт.

Гендердик экспертиза төмөнкү этаптардан турат:

- даярдык көрүү этабы;

- гендердик талдоо;

- адистештирилген-укуктук талдоо;

- корутундуну даярдоо жана тариздөө.

Даярдык көрүү этабы төмөнкүлөрдөн турат:

- долбоордун аялдардын жана эркектердин укуктарына жана эркиндиктерине түз же кыйыр тиешелүү жоболорун аныктоо;

- долбоордун аялдар жана эркектер үчүн жоопкерчиликтин ченемдерин белгилеген жоболорун аныктоо;

- долбоордун гендердик теңчиликке жетишүүгө багытталган жоболорун аныктоо;

- долбоорго гендердик баа берүү зарылдыгын жана аны деталдаштыруу даражасын аныктоо;

- долбоор чечүүгө багытталган проблеманы жана ал маселени укуктук жөнгө салуу зарылдыгын аныктоо;

- долбоордун негиздүүлүгүнө учурдагы кырдаалдын, улуттук стратегиянын жана гендердик саясаттын приоритеттери жагынан баа берүү;

- долбоордун түзүлгөн гендердик практикага түз же кыйыр таасир тийгизүүчү жоболорун аныктоо.

Гендердик талдоо төмөнкүлөрдөн турат:

- долбоордун жоболорунун аялдардын жана эркектердин укуктук абалына мүмкүн болуучу (оң жана тескери) таасирине болжол, атап айтканда:

а) долбоордун ар кыл жыныстагы адамдардын өкүлдөрү үчүн түз же кыйыр түрдө оң/терс натыйжаларга дуушарлантуучу жоболорун аныктоо;

б) долбоордун учурдагы гендердик ролдордон жана стереотиптерден улам аялдардын жана эркектердин укуктук абалына таасирин тийгизе албачу жоболорун аныктоо;

- долбоордун жоболорунун укуктардын теңчилигинин, аларды ишке ашыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн теңчилигинин, жоопкерчиликтин бирдейлигинин жана тең укуктуу өнөктүк мамиленин принциптерине ылайык келишин аныктоо;

- долбоордун жоболорунун практикада ишке ашыруу механизмдери менен, анын ичинде республикалык жана жергиликтүү бюджеттер жагынан камсыздалышына баа берүү;

- долбоордун жоболоруна коргоо мыйзамдары жагынан баа берүү, атап айтканда:

а) долбоордун объективдүү гендердик асимметрия категориясына тиешелүү жоболорун аныктоо;

б) бир жыныс өкүлдөрүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого багытталган жоболорун аныктоо;

- аялдардын жана эркектердин укуктарын жана эркиндиктерин жөнгө салуучу айрым жоболорду киргизүү, кеңейтүү, конкреттештирүү зарылдыгын аныктоо.

Адистештирилген-укуктук талдоо төмөнкүлөрдөн турат:

- долбоордун жоболорунун Кыргыз Республикасынын Конституциясына, жыныстык белги боюнча басмырлоого жол бербөөнүн, мыйзам жана сот алдында баарынын бирдейлигинин, эркектердин жана аялдардын эркиндиктеринин, укуктарынын, мүмкүнчүлүктөрүнүн теңчилигинин конституциялык принциптерине, ошондой эле эркектер менен аялдардын укуктары жана эркиндиктери тармагында Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык келишине баа берүү;

- долбоор тиешелүү тармактагы ченемдик жөнгө салуунун абалына баа берүү;

- долбоордун тийиштүү чөйрөдөгү мыйзамдар системасындагы потенциалдуу ордун аныктоо;

- долбоордун жоболорунун Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон жана мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген гендердик теңчиликти камсыздоо тармагындагы эл аралык келишимдердин нормаларына шайкештигине баа берүү.

Эксперттик корутундуну даярдоо жана тариздөө.

17. Экологиялык экспертиза

Экологиялык экспертизанын максаты - долбоорлордун жаратылышты коргоо мыйзамдарынын талаптарына, экологиялык коопсуздуктун нормаларына ылайык келишин аныктоону, долбоор кабыл алынган учурда анын жоболорунун айлана-чөйрөгө жана калктын саламаттыгына тийгизиши мүмкүн болгон кесепеттерин аныктоону, алдын алууну, чектөөнү көздөйт.

Экологиялык экспертиза Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын "Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө", "Экологиялык экспертиза жөнүндө" мыйзамдарына, башка ченемдик укуктук актыларына, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон жана мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин нормаларына ылайык жүргүзүлөт.

Долбоорлордун экологиялык экспертизасы төмөнкү этаптардан турат:

- даярдык көрүү этабы;

- социалдык-экологиялык талдоо;

- адистештирилген-укуктук талдоо;

- корутундуну даярдоо жана тариздөө.

Даярдык көрүү этабы төмөнкүлөрдөн турат:

- долбоорго экологиялык баа берүүнүн зарылдыгын жана аны деталдаштыруунун даражасын аныктоо;

- долбоордун жаратылышты пайдалануу, жаратылыш байлыктарын сарамжалдуу пайдалануу, адамдын жана анын жашоо чөйрөсүнүн коопсуздугу, ошондой эле айлана-чөйрөнү коргоо маселелерине түз же кыйыр тиешелүү жоболорун аныктоо;

- долбоор чечүүгө багытталган маселени жана ал маселени укуктук жөнгө салуунун зарылдыгына баа берүү;

- долбоордун негиздүүлүгүнө учурдагы кырдаалдын, ошондой эле айлана-чөйрөнү коргоо тармагындагы улуттук стратегиянын жана саясаттын приоритеттери жагынан баа берүү.

Социалдык-экологиялык талдоо төмөнкүлөрдөн турат:

- долбоордун айлана-чөйрө, экологиялык коопсуздук, калктын саламаттыгы үчүн түз же кыйыр кесепеттерге алып келе турган жоболорун аныктоо, анын ичинде:

а) жаратылыш аймактарынын жана объекттеринин абалынын начарлашына түз же кыйыр алып келе турган жоболор;

б) экосистемалардын өндүрүмдүүлүгү жана экосистемалык (кыртыш түзүү, сууну жөнгө салуу, климаттык жөнгө салуу) функциялардын аткарылышы азайышына түз же кыйыр алып келе турган жоболор;

в) жаратылышты пайдалануунун жана жаратылышты коргоонун салттуу практикасына терс таасирин түз же кыйыр тийгизүүчү жоболор;

г) калк үчүн экологиялык опурталдардын даражасы жогорулашына түз же кыйыр алып келе турган жоболор;

- долбоордун айлана-чөйрөгө, экологиялык коопсуздукка, калктын саламаттыгына түз же кыйыр жакшы өзгөрүүлөрдү алып келе турган жоболорун аныктоо, анын ичинде:

а) долбоордун жаратылыштык ресурстарды коргоо, аны кайталап өндүрүү жана ишкердиктин жаратылыш ресурстарына тийгизген таасирине мониторинг жүргүзүү боюнча иш-чараларды караган жоболору;

б) жарандык коомдун потенциалын жогорулатууга, коомчулуктун катышуусун активдештирүүгө жана калктын кабардар болушун жогорулатууга тике же кыйыр түрдө алып келе турган жоболор;

в) долбоордун айлана-чөйрөнү коргоого шыктандыруунун натыйжалуу финансылык каражаттарын түзө турган жоболору;

г) долбоордун жаратылыш ресурстарынын табигый калыбына келишине тоскоолдук кылган аракеттерди же иштерди чектөөгө түз же кыйыр түрүндө багытталган жоболору;

- иштелип чыгуучу мыйзам алдындагы актылардын сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатуу максатында долбоордун пайдаланылбай калган мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо;

- айлана-чөйрөнү натыйжалуу коргоо жана экологиялык коопсуздукту арттыруу максатында айрым жоболорду киргизүүнүн, кеңейтүүнүн, конкреттештирүүнүн зарылдыгын аныктоо.

Адистештирилген-укуктук талдоо төмөнкүлөрдөн турат:

- долбоордун жоболорунун Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана айлана-чөйрөнү коргоо тармагындагы мыйзамдарга ылайык келишине баа берүү;

- долбоордун Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында бекитилген жарандардын экологиялык укуктарын ишке ашырууга багытталган жоболоруна баа берүү, атап айтканда:

а) жарандардын жашоо жана ден соолук үчүн ыңгайлуу айлана-чөйрөгө укугу;

б) жарандардын жаратылышты пайдалануу тармагындагы аракеттерден ден соолугуна же мүлкүнө келтирилген зыяндын ордун толтуртууга укугу;

в) жарандардын айлана-чөйрөнүн абалы жөнүндө туура маалыматка болгон укугу;

г) жарандардын коомдук экологиялык экспертиза өткөрүү жөнүндө сунуш киргизүүгө жана анын натыйжалары жөнүндө маалымат алууга укугу;

- долбоордун жоболорунун айлана-чөйрө тармагындагы мыйзамдарга ылайык келишине баа берүү;

- долбоордун айлана-чөйрөнү коргоо тармагындагы мыйзамдар системасындагы потенциалдуу ордун аныктоо;

- шилтеме жоболорду алардын бар экендиги жана зарылдыгы жагында талдоо;

- долбоордун жоболорунун Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон жана мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген айлана-чөйрөнү коргоо, туруктуу өнүгүү жана экологиялык коопсуздук тармагындагы эл аралык келишимдердин нормаларына ылайык келишине баа берүү.

Эксперттик корутундуну даярдоо жана тариздөө.

18. Антикоррупциялык экспертиза

Антикоррупциялык экспертиза долбоордогу коррупциялык факторлорду аныктоо, алардын коррупциялык даражасын баалоо жана аларды жоюуга же чектөөгө багытталган сунуштарды иштеп чыгуу максатында жүргүзүлөт.

Антикоррупциялык экспертизанын милдеттери:

- долбоордогу коррупциялык укук бузууларды жасоого мүмкүндүк түзүүчү коррупциялык факторлорду аныктоо;

- коррупциялык укук бузуу мүмкүндүгү боюнча долбоорду кабыл алуунун кесепеттерин жалпы баалоо;

- ченемдик укуктук актыларды колдонуу процессиндеги коррупциялык мүнөздөгү тобокелдиктердин келип чыгуу мүмкүндүгүн болжолдоо;

- долбоордо аныкталган коррупциялык факторлорду жоюуга багытталган сунуштарды иштеп чыгуу жана чараларды көрүү.

Антикоррупциялык экспертиза Кыргыз Республикасынын Конституциясына, "Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, башка ченемдик укуктук актыларга жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык жүргүзүлөт.

Долбоорлорго антикоррупциялык экспертиза төмөнкү этаптардан турган жол-жоболорду камтыйт:

- даярдык көрүү этабы;

- антикоррупциялык талдоо;

- атайын-укуктук талдоо;

- корутундуну даярдоо жана тариздөө.

Даярдык көрүү этабы төмөнкүлөрдөн турат:

- долбоордун жөнгө салуучу предметин аныктоо;

- долбоорду антикоррупциялык баалоонун зарылдыгын жана аны деталдаштыруу даражасын аныктоо;

- долбоордун чечүүгө багытталган маселесин жана ушул маселени укуктук жөнгө салуунун зарылдыгын аныктоо;

- учурдагы кырдаалды, ошондой эле коррупцияга каршы күрөшүү жаатындагы Кыргыз Республикасынын программалык жана стратегиялык документтеринин артыкчылыктарын алып караганда долбоордун негиздүүлүгүн баалоо.

Антикоррупциялык талдоо долбоордун коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарга шайкеш экендигине жүргүзүлөт жана баалоону камтыйт, анын максаты төмөнкүлөр болуп саналат:

- толук тизмегин белгилебестен жана органдын же кызмат адамынын административдик кароосун чектебестен мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, кызмат адамдарынын ыйгарым укуктарын "укуктуу" формуласы боюнча аныктоо.

| |
|---|
| Мисал:<br>Эмгек стажын белгилөө боюнча комиссия өзгөчө учурларда көп жылдык кызматына үстөк акы эсептөө үчүн кесиби боюнча иштеген мезгилин иш стажына киргизүү жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу. |

;

- административдик жол-жоболордун жоктугу же толук эместиги - мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары тарабынан белгилүү аракеттерди жүргүзүү тартибинин жоктугу жана (же) чечим кабыл алуу тартибинин жоктугу.

| |
|---|
| Мисал:<br>Талапкерди кадрлардын ички резервине киргизүү тартибин мамлекеттик органдар өзүнүн ыктыяры боюнча аныктайт. |

;

- кызмат адамынын кеңири дискрециялык ыйгарым укугунун болушу - чечим кабыл алууга же аракеттерди жасоого мөөнөттөрдүн, шарттардын же негиздердин жоктугу же белгисиздиги, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, кызмат адамдарынын ыйгарым укуктарынын кайталанышы.

| |
|---|
| Мисал:<br>Ачык тоорукка, аукционго, конкурска катышууга жана лицензия берүүгө төмөнкү учурларда баш тартылышы мүмкүн:<br>- арыздын жана ага тиркелген документтердин туура эмес таризделиши;<br>- ушул Жобонун 13-пунктуна ылайык талап кылынган бардык документтер берилбесе же аларда көрсөтүлгөн маалыматтар туура эмес болсо. Аталган сын пикирлерди жоюуда арыз каралат жана конкурстарга, ачык тооруктарга, аукциондорго катышуу же баш тартуу жөнүндө чечим комиссиянын кароосу боюнча кабыл алынат. |

;

- мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары үчүн тыюу салуулардын жана чектөөлөрдүн жоктугу.

Мисал:

Резервдеги адам кадрлардын ички резервинин курамынын мөөнөтү аяктаганга чейин төмөнкү учурда чыгарылат:

- жеке арызы берилгенде;

- соттун айыптоо өкүмү менен кызматкер катарында иштөөгө же мамлекеттик жана муниципалдык кызматтардагы белгилүү кызматтарды ээлөөгө тыюу салынганда;

- соттун мыйзамдуу күчүнө кирген айыптоо өкүмүнө ылайык кызматкерге иштеген кызматын токтотуу жөнүндө жаза дайындалганда.

Эскертүү:

Бул мисал мамлекетгик жарандык жана муниципалдык кызматкерлерге тыюулардын жана чектөөлөрдүн бар экендигин көрсөтүп турат.

;

- белгиленген тыюу салууларды жана чектөөлөрдү сактабагандыгы үчүн кызмат адамдарынын так жоопкерчилигинин жоктугу.

Мисал:

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик администрацияларынын жетекчилери балдарды асырап алуу маселеси боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сактабагандыгы үчүн административдик жоопкерчилик тартышат.

Эскертүү:

Жогоруда аталган бузуу боюнча административдик жоопкерчиликти белгилөөчү тиешелүү ченемдик укуктук акты жок болгон учурда сунушталып жаткан жобо потенциалдуу коррупциялык болуп саналат.

;

административдик тоскоолдуктардын - жарандарга жана юридикалык жактарга карата белгисиз, аткарууга оор жана (же) түйшүктүү, анын натыйжасында коррупциялык шарттарды пайда кылуучу талаптардын болушу.

Мисал:

Адвокаттык ишти жүргүзүү укугуна лицензия алуу үчүн төмөнкү документтер берилет:

1) белгиленген формадагы арыз;

2) ким экендигин күбөлөндүргөн документ;

3) жогорку юридикалык билимин ырастаган дипломдун күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;

4) бир жылдан кем эмес юридикалык стажын ырастаган эмгек китепчесинин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;

5) никеси тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү (эгер никеде турса);

6) балдарынын туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрүнүн көчүрмөлөрү (балдары болсо).

;

Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана мыйзамдарында каралбаган учурларда жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин чектөөчү тыюулар жана чектөөлөр, анын ичинде:

а) арыз ээсинин так регламенттелген укуктарынын жоктугуна долбоордун жоболорун баалоо;

б) лингвистикалык коррупциянын болушуна долбоордун жоболорун баалоо;

в) долбоордогу мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына белгиленген компетенциядан келип чыкпоочу мыйзам актыларын кабыл алууга мүмкүндүк берген жоболордун болушун талдоо.

Мисал:

Лицензия алуу үчүн арыз ээси лицензиарга төмөнкүлөрдү тапшырат:

1) ушул Жобонун 1 жана 2-тиркемелерине ылайык форма боюнча лицензия берүү жөнүндө арыз;

2) арызды кароо жана лицензия берүү үчүн акы төлөнгөндүгүн ырастоочу документ;

3) мамлекеттик каттоо тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү:

- Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин органдарында - юридикалык жактар үчүн;

- мамлекеттик статистика органдарында - жеке жактар үчүн;

- тиешелүү мамлекетте - Кыргыз Республикасында юридикалык жак же жеке ишкер катары катталбаган чет өлкөлүк жеке жана юридикалык жактар үчүн;

4) арыз ээсине салык төлөөчүнүн жана камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүнүн идентификациялык салык номери ыйгарылгандыгын ырастаган документтин көчүрмөсү.

Зарыл учурда лицензиар арыз ээсинен жогоруда аталган тизмеде каралбаган кошумча документтерди талап кылууга укуктуу.

;

- бир нече субъект талапкер болгон укуктарды берүүдө конкурстук же аукциондук жол-жоболордун жоктугу;

- мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, кызмат адамдарына карата маалыматты пайдалануу жана ачуу жол-жоболорунун, коомдук контролдоо механизмдеринин жоктугу.

Мисал:

Мамлекеттик мүлккө ижара келишимин түзүү укугуна аукцион өткөрүү жөнүндө маалыматтык билдирүү аукцион өткөрүлгөн күнгө чейин 30 күндөн кечиктирбей аукциондун уюштуруучу белгилеген жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыяланат.

Маалыматтык билдирүү формасында милдеттүү жарыялоого тийиш болгон маалыматтардын толук тизмесин мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган бекитет.

Аукциондун катышуучулары ижара объекти жөнүндө башка маалыматтар менен маалыматтык билдирүүдө көрсөтүлгөн жерде таанышууга укуктуу.

;

- мамлекеттик органдарда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, кызмат адамдарында "кызыкчылыктардын кагылышуусу" жана аларды жоюу боюнча жол-жоболордун жоктугу.

> Мисал:
>
> Кызматкерге карата тартиптик жазаны колдонуу жөнүндө мамлекеттик органдын жетекчисинин чечими ошол мамлекеттик органда даттанылышы мүмкүн.
>
> Эскертүү:
>
> - Бул учурда тартиптик жазаны колдонуу жөнүндө чечимди кызматкер "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 35-беренесинде белгиленген тартипте даттана алат.
>
> 1. Тартиптик жазаны колдонуу жөнүндө чечимди кызматкер ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда, ал эми ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечими менен макул болбогон учурда - сотто, чечим менен таанышкан күндөн тартып эки айдын ичинде даттана алат.
>
> 2. Мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын тартиптик жазаны колдонуу жөнүндө чечиминин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү кызматкерге чечим кабыл алынган күндөн тартып 3 жумуш күндүн ичинде берилет.

;

- мамлекеттик (муниципалдык) кызматкерге колдонулуучу жобону өзү тандоого мүмкүндүк берген ар түрдүү укуктук актылардын ортосундагы коллизиялардын - карама-каршылыктардын болушун талдоо;

- мыйзам актыларын кабыл алуу жол-жоболорунун бузулушу;

- кызыкчылыктар балансынын бузулушу - бир топтун (топтордун) кызыкчылыктарына зыян келтирүү менен башка (бир нече) топтун кызыкчылыктарына артыкчылык берүү.

Атайын-укуктук талдоо төмөнкүлөрдөн турат:

- долбоордун жоболорунун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын коррупцияга каршы багытталган ченемдерине шайкештигин баалоо;

- долбоордун жоболорунун Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин ченемдерине, ошондой эле коррупцияга каршы күрөшүү чөйрөсүндөгү эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерине жана ченемдерине шайкештигин баалоо;

- долбоорго тиешелүү болгон чөйрөдөгү ченемдик жөнгө салуунун абалын баалоо;

- тиешелүү чөйрөдөгү мыйзамдардын системасында долбоордун потенциалдуу ордун аныктоо.

Долбоордун Кыргыз Республикасынын Конституциясына шайкештигин баалоодо эксперт төмөнкүлөрдү эске алуусу керек:

- органдардын жана кызмат адамдарынын компетенциясын жана ыйгарым укуктарын чектөө боюнча ченемдерди;

- органдар жана кызмат адамдары үчүн белгиленген тыюу салууларды жана чектөөлөрдү;

- органдар жана кызмат адамдары үчүн жоопкерчилик жөнүндө принциптерди жана жоболорду;

- мамлекеттик органдардын ачыктыгы жана айкындуулугу жөнүндө принциптерди;

- жарандардын укуктарын коргоо боюнча жоболорду, ашыкча талаптарды (административдик тоскоолдуктарды) түзүүгө тыюу салууларды.

> Эскертүү:
>
> Кыргыз Республикасынын Конституциясы:
>
> 3-берене.
>
> Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик:
>
> 1) бүткүл эл тарабынан шайланган Жогорку Кеңеш жана Президент өкүл болгон жана камсыз кылган элдик бийликтин үстөмдүгүнүн;
>
> 2) мамлекеттик бийликти бөлүштүрүүнүн;
>
> 3) мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын эл алдындагы жоопкерчилигинин жана ачыктыгынын, өз ыйгарым укуктарын элдин кызыкчылыгында жүзөгө ашыруусунун;
>
> 4) мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш милдеттери менен ыйгарым укуктарын так ажыратуунун принциптерине негизденет.
>
> 52-берене.
>
> 5. Башка жарандыгы бар Кыргыз Республикасынын жарандары саясий мамлекеттик кызматты жана соттордун кызмат ордун ээлөөгө укуксуз. Мындай чектөө башка мамлекеттик кызматтар үчүн да мыйзам менен белгилениши мүмкүн.
>
> 95-берене.
>
> 1. Кыргыз Республикасынын бардык сотторунун судьялары жүрүм-туруму кынтыксыз болуп турганда кызмат орундарын ээлеп турат жана өз ыйгарым укуктарын сактап калат. Судьялардын жүрүм-турумунун кынтыксыздыгынын талаптарын бузуу конституциялык мыйзам менен аныкталган тартипте судьяларды жоопкерчиликке тартуу үчүн негиз болуп эсептелет.
>
> 33-берене.
>
> 3. Ар ким мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын, мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары катышкан юридикалык жактардын, ошондой эле республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден каржыланган уюмдардын иштери тууралуу маалыматтарды алууга укуктуу.
>
> 16-берене.
>
> 2. Кыргыз Республикасы өз аймагынын чегинде, өзүнүн юрисдикциясында турган бардык адамдардын укуктары менен эркиндиктерин урматтайт жана камсыз кылат.

| |
|---|
| Эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этноско таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча кодулоого алынышы мүмкүн эмес. |

Долбоордун Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин ченемдерине, ошондой эле коррупцияга каршы күрөшүү чөйрөсүндөгү эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерине жана ченемдерине шайкештигин баалоодо эксперт долбоордун коррупцияга каршы күрөшүү чөйрөсүндөгү эл аралык келишимдерге шайкеш экендигин аныктоосу зарыл.

Антикоррупциялык экспертизаны өткөрүүдө долбоордун ар бир ченемине же жобосуна, ошондой эле долбоордун жоболорунун аталган чөйрөдөгү ченемдик укуктук актыларга дал келүү деңгээлине талдоо жүргүзүлөт.

Эксперттик корутундуну даярдоо жана тариздөө.

*(КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 20-февралындагы № 96 токтомунун редакциясына ылайык)*

Тиркеме

Типтүү форма

Кыргыз Республикасынын мыйзамдан келип чыгуучу актыларын экспертизалоонун адистештирилген (антикоррупциялык,

гендердик укуктук, укук коргоочулук, экологиялык) түрлөрүн жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча

КОРУТУНДУ

(Корутунду экспертизаны жүргүзгөн органдын бланкында берилет)

Күнү:
Каттоо номери N

Экспертизанын түрү ________________
Дареги ______________________________
Экспертизаны жүргүзгөн орган
_____________________________________

"_______________________" мыйзамдан келип чыгуучу актынын долбоорун

кароо жөнүндө

1. Долбоор жөнүндө маалымат.

Кыргыз Республикасынын _____________________________________________ атайын ыйгарым укуктуу органына _________________________________________ мыйзамдан келип чыгуучу актынын долбоору ______________________________ экспертиза жүргүзүүгө берилет.

Долбоорго төмөнкүлөр тиркелди:

- маалымкат-негиздеме;

- салыштырма таблица (колдонуудагы ченемдик укуктук актыга өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор киргизилген же жаңы редакциясы даярдалган учурда).

2. Жалпы бөлүк

Мамилелердин тиешелүү тармагын жөнгө салуу үчүн долбоор жөнгө салуучу предметти, долбоордун маанисин жана зарылдыгын аныктоо (статистикалык маалыматтар, жөнгө салуу таасирин талдоонун жыйынтыктары ж.б.);

3. Долбоордун Кыргыз Республикасынын Конституциясына, мыйзамдарга ылайык келишине баа берүүнүн натыйжалары:

Эксперт корутундунун бланкына төмөнкүдөй формулировкалар аркылуу түшүндүрмө киргизет:

а) "Кыргыз Республикасынын Конституциясына, конституциялык мыйзамдарга жана башка ченемдик укуктук актыларга каршы келбейт";

б) "Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, конституциялык мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын нормаларын аткаруу үчүн кабыл алынат";

в) "Конституциянын, конституциялык мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын нормаларына каршы келет";

г) "Колдонуудагы мыйзамдарга салыштырганда прогрессивдүү нормаларды киргизет".

4. Долбоорго Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон жана мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин нормаларына ылайык келиши жагында баа берүүнүн жыйынтыгы.

Эксперт долбоордун ылайык келиши салыштырып текшерилген жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон жана мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин тизмесин берет.

Корутундунун бланкына төмөнкүдөй формулировкалар аркылуу түшүндүрмөлөр киргизилет:

а) "Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон жана мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин нормаларына каршы келбейт.";

б) "Мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин нормаларына ылайык келген ....... аткаруу үчүн кабыл алынат";

в) "Эл аралык актылардын нормаларына каршы келет" (атоо жана негиздөө).".

5. Адистештирилген бөлүк

Эксперт Нускаманын өзгөчө бөлүгүнүн жоболоруна ылайык корутундунун бланкына адистештирилген талдоонун жыйынтыгын жазат.

6. Тыянактар жана түшүндүрмөлөр

Долбоор жөнүндө жалпы тыянактар төмөнкү аныктамалардын бирин камтууга тийиш:

а) "Оң корутунду";

б) "Долбоор толуктап иштеп чыгууну жана кайрадан экпертизадан өткөрүүнү талап кылат";

в) "Терс корутунду".

Зарыл болсо эксперт киргизилиши документтин сапатын жакшыртууга мүмкүндүк бере турган жоболорду формулировкалоо аркылуу өзүнүн сунуштарын даярдашы мүмкүн.

Атайын ыйгарым укуктуу
мамлекеттик органдын жетекчиси ______________ _________________________
колу аты-жөнү

Аткаруучу/телефон